ТалМУнун Окумуштуулар кеңешинде каралып, **жактырылды**
Протокол № 11
«25» июнь 2025-ж.

**БЕКИТЕМИН**
ТалМУнун ректору техн.и.д., профессор Ж.С. Шаршембиев
____________________
«25» июнь 2025-ж.

# ТАЛАС МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИНИН КОЛЛЕДЖДЕРИ ЖӨНҮНДӨ ЖОБО

**Талас- 2025**

## 1. Жалпы жоболор

1. Бул Жобо Талас мамлекеттик университетинин карамагындагы орто кесиптик билим берүү программаларын ишке ашыруучу билим берүү түзүмдөрүнүн (мындан ары – ТалМУнун колледждери) ишин уюштурууну жана жүргүзүүнү жөнгө салат.
2. ТалМУнун колледждери өз ишинде «Билим берүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамын, КР Министрлер Кабинетинин токтомдорун, Илим жогорку билим берүү жана инновациялар министрлигинин ченемдик актыларын, Талас мамлекеттик университетинин Уставын жана ушул Жобону жетекчиликке алат.
3. ТалМУнун колледждеринин негизги милдеттери төмөнкүлөр болуп саналат:
- сапаттуу орто кесиптик билим берүүнү камсыз кылуу;
- региондун жана өлкөнүн эмгек рыногуна керектүү адистерди даярдоо;
- студенттердин интеллектуалдык жана чыгармачылык потенциалын өнүктүрүү;
- мамлекеттин жана коомдун баалуулуктарын сактоо жана жайылтуу;
- инклюзивдик билим берүү шарттарын түзүү жана майыптыгы бар студенттер үчүн жеткиликтүүлүктү камсыз кылуу.

4. ТалМУнун колледждери төмөнкү деңгээлдер боюнча билим берүү программаларын ишке ашырат:
- базалык деңгээлдеги орто кесиптик билим берүү;
- жогорулатылган деңгээлдеги орто кесиптик билим берүү (университет менен интеграцияланган программалар).

5. Колледждин аталышы, профили, адистиктери жана түзүмү ТалМУнун Окумуштуулар кеңешинде каралып ректордун буйругу менен бекитилет.
6. ТалМУнун колледждеринин структурасына адистиктер боюнча бөлүмдөр, окуу лабораториялары, устаканалар, окуу полигондору, методикалык комиссиялар, өндүрүштүк практиканын базалары, жатакана жана башка түзүмдөр кириши мүмкүн.
7. ТалМУнун колледждеринин түзүмдүк бөлүмдөрү ректордун буйругу менен түзүлөт, кайра уюштурулат жана жоюлат.
8. ТалМУнун колледждери негизги жалпы билим берүүнүн, жалпы орто билим берүүнүн, башталгыч кесиптик билим берүүнүн жана кошумча кесиптик билим берүүнүн программаларын ишке ашыруучу комплекстүү билим берүү уюму катары билим берүү ишин жүргүзүүгө укуктуу. Колледждердин көрсөтүлгөн билим берүү программаларын (анын ичинде окууга кабыл алуу, билими жөнүндө документтерди берүү, билим алуучуларга жана кызматкерлерге укуктарды, социалдык кепилдиктерди жана жеңилдиктерди берүү) ишке ашыруу боюнча иши колледждер жөнүндө жоболорго жана ТалМУнун Уставына ылайык жүргүзүлөт.
9. ТалМУнун колледждеринде илимий-изилдөө жана тажрыйба-конструктордук иш, ошондой эле инновациялык иш жүргүзүлүшү мүмкүн, аны каржылоо ТалМУнун атайын жана уюштуруучулардын каражаттарынын эсебинен жүргүзүлөт.

## 2. ТалМУнун колледждерине кабыл алуу

10. Республикалык бюджеттин каражаттарынын эсебинен билим алуучуларды колледждерге окууга кабыл алуунун көлөмү жана түзүмү Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан аныкталат.
11. ТалМУнун колледждерине кабыл алуу Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жүргүзүлөт.
12. Республикалык бюджеттин жана окуунун наркын төлөө менен келишим боюнча ТалМУнун колледждерине окууга кабыл алуу негизги жалпы, орто жалпы же кесиптик башталгыч билими бар адамдардын арызы боюнча конкурстук негизде кирүү сынактарынын жыйынтыктары боюнча жүргүзүлөт. Эгерде Кыргыз Республикасынын билим берүү

чөйрөсүндөгү мыйзамдарында башка шарттар каралбаса, конкурсту өткөрүү тартиби кесиптик орто билим берүүнүн тиешелүү программаларын өздөштүрүүгө бир кыйла жөндөмдүү жана даяр адамдарды кабыл алууну камсыздайт.

13. Каттоого билим алуучуларынын курамына киргизүү билими жөнүндө документтин түп нускасын бергенден кийин жүргүзүлөт.

## 3. ТалМУнун колледжеринин билим берүү процесси

14. Билим берүү процесси күндүзгү, кечки, сырттан, гибриддик жана онлайн-окутуу, ошондой эле жумуш ордунда/дуалдык окутуу колдонулушу мүмкүн.

15. ТалМУнун колледждеринде кесиптик орто билим берүүнүн программалары боюнча окуу мөөнөтү Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 28-мартындагы № 160 "Кыргыз Республикасынын кесиптик орто билим берүү уюмдарынын ишин жөнгө салуучу актыларды бекитүү жөнүндө" токтому менен бекитилген ченемдик мөөнөттөргө ылайык белгиленет.

16. Окуу пландары кесиптик орто билим берүүнүн адистиктери боюнча мамлекеттик билим берүү стандартынын негизинде колледждер тарабынан өз алдынча иштелип чыгат жана ТалМУ тарабынан бекитилет. Колледждерде окуу дисциплиналары (дисциплиналардын циклдери) боюнча предметтик (циклдик), методикалык жана башка комиссиялар түзүлөт.

17. Окуу жылы 1-сентябрда башталат жана окуу планына ылайык аяктайт. Студенттерге бир жылда жалпы узактыгы 10 жумадан кем эмес эки жолу, анын ичинде кыш мезгилинде - 2 жумадан кем эмес каникул берилет

18. ТалМУнун колледждеринин негизги окуу иштери: лекция, семинар, практикалык жана лабораториялык сабактар, курстук иштер, окуп-таанышуу, педагогикалык, тренердик, өндүрүштүк практика, квалификациялык экзамен же дипломдук иш. Аудиториялык сабактардын бардык түрлөрү үчүн академиялык сааттын узактыгы 45 мүнөт деп белгиленет.

19. Лабораториялык, практикалык жана өндүрүштүк окутууда окуу топтору адистиктин өзгөчөлүгүнө жараша бөлүнүү мүмкүн. Сабактар чакан топтордо же өзүнчө билим алуучулар менен өткөрүлүшү мүмкүн. Окуу жана тарбия иштерин куратор жетектейт.

20. Жумуш ордунда окутуу жана өндүрүштүк (кесиптик) практикалар ТалМУ менен тиешелүү келишим түзгөн иш берүүчүлөрдүн базасында уюштурулат. Жумуш ордунда окутуунун тартиби Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан бекитилет.

21. Колледж билим алуучуларды баалоо жана орто аралык аттестациялоону Министрлер Кабинети бекиткен типтүү жобого ылайык жүргүзөт. Орто аралык экзамендердин саны окуу жылында 16дан ашпайт. Бул санга дене тарбия жана студенттердин тандоо дисциплиналары боюнча экзамендер жана зачеттор кирбейт Аккредитациясы бар колледждерде жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациялоо мамлекеттик комиссиялар тарабынан жүргүзүлөт. Билим берүүнүн сапаты ишке орношуу жана аккредитациялоо жыйынтыктары менен бааланат.

22. Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестация ТалМУнун ректору тарабынан чыгарылган буйруктун негизинде түзүлгөн комиссиясы (ЖМАК) аркылуу жүргүзүлөт. Колледжди ийгиликтүү бүтүргөн студентке мамлекеттик үлгүдөгү диплом берилет. Дипломго эл аралык үлгүдөгү тиркеме кошулушу мүмкүн.

23. Окуудан чыгарылган студентке билими жөнүндө документтин түп нускасы жана белгиленген үлгүдөгү академиялык маалымкат финансылык жана материалдык карыздарды, анын ичинде Кыргыз Республикасынын билим берүү чөйрөсүндөгү мыйзамдарында каралган учурларда мамлекеттик билим берүү гранттарынын негизинде окуунун наркы төлөгөндөн кийин берилет.

24. Кесиптик орто билими жөнүндө мамлекеттик үлгүдөгү документтердин формасы, ошондой эле аларды даярдоо, сактоо, берүү жана эсепке алуу тартиби министрлик тарабынан бекитилет.

25. ТалМУнун колледждерине тапшырууда берилген билими жөнүндө документ колледждерди бүтүргөн же бүтүргөнгө чейин кеткен студентке анын арызы боюнча өздүк делосунан алып берилет. Ошол эле учурда өздүк делодо билими жөнүндө документтин күбөлөндүрүлгөн көчүрмөсү ТалМУнун кадрлар бөлүмүндө калат.

## 4. ТалМУнун колледждерин башкаруу

26. Колледждин жалпы жетекчилигин колледждин Педагогикалык кеңеши жүзөгө ашырат, ал негизги маселелер боюнча төмөнкүдөй чечимдерди кабыл алат:

- Окуу-тарбиялоо процессин жана колледждин башка ишмердүүлүгүн уюштуруунун негизги маселелери боюнча;
- Колледждин ички тартип эрежелерин.

27. ТалМУнун колледждеринин Жобосу Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан бекитилген Кыргыз Республикасынын кесиптик орто билим берүү уюмунун типтүү жобосунун негизинде иштелип чыгат жана ТалМУнун ректору тарабынан бекитилет.

28. ТалМУнун колледждеринде төмөнкү органдар иштейт:

- педагогикалык кеңеш;
- окуу-методикалык кеңеш;
- студенттик кеңеш.

Педагогикалык кеңештин курамына директор, директордун орун басарлары, окутуучулар курамынан өкүлдөр жана студенттердин өкүлдөрү кирет.

Колледждин директору кеңештин төрагасы болуп саналат. Кеңештин башка мүчөлөрү жалпы чогулушта шайланат. Кеңештин ыйгарым укуктарынын мөөнөтү үч жылдан ашпоого тийиш. Кеңешти мөөнөтүнөн мурда шайлоо анын мүчөлөрүнүн жарымынан кем эмесинин талабы боюнча, ошондой эле колледждин жобосунда каралган башка учурларда жүргүзүлөт.

29. Колледжди түздөн-түз ТалМУнун ректору дайындаган директор башкарат.

Директор төмөнкүлөргө укуктуу:

1) ушул Жободо белгиленген колледждин ишмердүүлүгүнө байланыштуу бардык маселелерди чечүүгө жана аткарууга;

2) Колледждин атынан Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык иш жүргүзөт;

3) Педагогикалык кеңештин, ректордун буйруктарынын жана ТалМУнун окумуштуулар кеңешинин чечимдеринин аткарылышын уюштурат;

4) Өзүнүн ыйгарым укуктарынын чегинде колледждин бардык кызматкерлери жана студенттери үчүн милдеттүү болгон көрсөтмөлөрдү бере алат;

5) Ректорго окутуучуларды кабыл алуу жана бошотуу боюнча сунуштарды киргизет, педагогикалык кадрларды тандоого катышат;

6) ТалГУнун тиешелүү бөлүмдөрү тарабынан түзүлгөн сабактардын расписаниесинин аткарылышын камсыздайт;

7) Окутуу, тарбиялоо, илимий-изилдөө иштерин уюштурат;

8) Студенттердин өз алдынча ишин, экзамендердин жүрүшүн көзөмөлдөйт. Курстан курска которуу, окуу планындагы бардык талаптарды аткарган студенттерди жыйынтыктоочу аттестацияга киргизүү боюнча тиешелүү билдирүүлөрдү даярдайт;

9) Студенттерди окуудан чыгаруу, кайра калыбына келтирүү жана которуу маселелери боюнча ректорго сунуштарды берет, академиялык карызды жоюу мөөнөттөрүн тиешелүү Жобого ылайык аныктайт;

10) Колледжде окуу, методикалык, илимий, тарбиялык жана башка ишмердүүлүктө жетишкен ийгиликтери үчүн ПОКту жана студенттерди сыйлоо жана стимулдаштыруу боюнча сунуштарды ректоргот берет;

11) Колледждин ишинин жыйынтыгы үчүн жоопту жана.

12) ТалМУнун колледждеринин директорунун кызмат ордуна педагогикалык жана (же) башка адистик боюнча жогорку кесиптик билими бар адамдар ректордун буйругу менен беш жылдык мөөнөткө дайындалат жана катары менен он жылдан ашык боло албайт.

30. Колледждин түзүмү жана ыйгарым укуктары ТалМУнун Уставы жана ушул Жобо менен жөнгө салынат.

## 5. ТалМУнун колледждеринин билим алуучулары

31. Колледжге ТалМУнун ректорунун буйругу менен кабыл алынган адам колледждин билим алуучусу болуп саналат.

32. Колледждин студенттеринин укуктары жана милдеттери Кыргыз Республикасынын билим берүү чөйрөсүндөгү мыйзамдарында жана ТалМУнун уставында, колледждин жобосунда аныкталат.

33. Билим алуучуларга белгиленген үлгүдөгү кагаз жана/же электрондук форматтагы студенттик билет жана зачеттук китепче берилет.

34. Билим алуучулар Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык окуусун иш менен айкалыштыра алат.

35. Студент төмөнкүлөргө укуктуу:

1) мамлекеттик билим берүү стандарттарына ылайык сапаттуу билим алууга;

2) коопсуз билим берүү чөйрөсүнө;

3) ден соолукка, моралдык жана руханий өнүгүүгө зыян келтирүүчү маалыматтан, пропагандадан жана үгүттөн корголууга;

4) медициналык кароого жана алгачкы медициналык жардамды уюштурууга;

5) ден соолукка зыян келтирүүчү эксплуатациялоонун жана иш-аракеттердин кандай болбосун формаларынан, ошондой эле күч колдонуудан жана психологиялык зомбулуктан, кадыр-баркын басмырлоодон корголууга;

6) адамдын кадыр-баркын урматтоого, өзүнүн көз карашын жана ишенимин эркин билдирүүгө;

7) кошумча билим берүү кызмат көрсөтүүлөрүн, анын ичинде акы төлөнүүчү негиздеги кызмат көрсөтүүлөрдү алууга;

8) колледждин маалыматтык ресурстарын, окуу, социалдык-тиричиликтик, жана башка бөлүмдөрүнүн кызмат көрсөтүүлөрүн анын белгиленген тартипте акысыз пайдаланууга;

9) Кыргыз Республикасынын аскердик милдет, аскердик жана альтернативдик кызмат жаатындагы мыйзамдарына ылайык аскердик кызматка чакырууну кийинкиге калтырууга;

10) алардын психофизикалык өнүгүүсүнүн өзгөчөлүктөрүн жана ден соолугунун абалын эске алуу менен окуу үчүн шарттардын түзүлүшүнө;

11) окутуунун кандай болбосун этабында колледжди жана окуу формасын тандоого, ошондой эле жеке билим берүү кызмат көрсөтүүлөрүн алууга;

12) колледждин ишинин маселелерин талкуулоого жана чечүүгө катышууга;

13) администрациясынын буйруктарына жана тескемелерине Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте даттанууга.

36. Студенттер билим берүү программаларын мамлекеттик билим берүү стандартынын талаптарынын деңгээлинде өздөштүрүүгө, билим берүү жаатындагы мыйзамдарды, жүрүм-турумдун этикалык ченемдерин жана ички тартип эрежелерин сактоого, жалпы улуттук жана жалпы адамзаттык баалуулуктарды урматтоого милдеттүү. Колледжге зыян келтирилген учурда студенттер Кыргыз Республикасынын укук бузуулар жөнүндө мыйзамдарына ылайык жоопкерчилик тартат.

37. Бюджеттик каражаттардын эсебинен күндүзгү окуу формасында окуган билим алуучулар белгиленген тартипте стипендиялар менен камсыз кылынат.

38. Колледж Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык атайын каражаттардын жана уюштуруучулардын каражаттарынын чегинде студенттерди Кыргыз Республикасынын

билим берүү чөйрөсүндөгү мыйзамдарында каралган социалдык колдоо чараларын ТалМУнун ректоруна сунуштай алат.

Билим берүү программаларын өздөштүрүүдөгү жана башка иштеги ийгиликтери үчүн студенттерге сыйлык берет.

39. Турак жайга муктаж болгон студенттер ТалМунун тиешелүү турак жай фонду болгон учурда жатаканадагы орундар менен камсыз кылынат.

40. Медициналык көрсөтмөлөр боюнча жана башка өзгөчө учурларда билим алуучуга Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан белгиленген тартипте академиялык өргүү берилет.

41. Колледжинстуденттерин которуу, окуудан чыгаруу жана калыбына келтирүү Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан белгиленген тартипке ылайык жүргүзүлөт.

42. Жүйөөсүз себептер менен адистиги боюнча окуу планын белгиленген мөөнөттө аткарбагандыгы, колледждин жобосунда каралган милдеттерди аткарбагандыгы, ички тартип эрежелерин бузгандыгы үчүн студенттерди колледжден чыгарууга чейинки тартиптик жазалар колдонулушу мүмкүн жана окуудан чыгаруу үчүн ТалМУнун ректоруна билдирүү берет. Ооруп жатканда, каникул, академиялык өргүү же кош бойлуулук жана төрөт боюнча өргүү учурунда билим алуучуларды окуудан чыгарууга жол берилбейт.

43. Мамлекеттик билим берүү гранттарынын эсебинен окуган жаш адистерди бөлүштүрүү тартиби Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан аныкталат.

## 6. ТалМУнун колледждеринин кызматкерлери

44. Колледждин кызматкерлерине жетектөөчү жана педагогикалык кызматкерлер, окуу-көмөкчү жана башка персонал кирет.

45. Педагогикалык кызматкерлердин укук жана милдеттери Кыргыз Республикасынын билим берүү мыйзамдарына ылайык аныкталат.Колледждин кызматкерлери төмөнкүлөргө укуктуу:

1) өзүнүн кесиптик ар-намысын жана кадыр-баркын коргоого;
2) анын жобосунда аныкталган тартипте колледжди башкарууга катышууга;
3) кеңешке жана башка шайлануучу органдарга шайлоого жана шайланууга, колледждин ишинин маселелерин талкуулоого жана чечүүгө катышууга;
4) ТалМУнун администрациясынын буйруктарына жана тескемелерине даттанууга;
5) өзүнүн кесиптик ишине зарыл болгон уюштуруучулук, окуу-методикалык жана материалдык-техникалык камсыз кылууну алууга, жамааттык келишимине ылайык ТалМУнун китепканаларын, маалыматтык ресурстарын, окуу, окуу-методикалык, социалдык-тиричиликтик, дарылоо жана башка бөлүмдөрүнүн кызмат көрсөтүүлөрүн акысыз пайдаланууга.

46. Колледждин педагогикалык кызматкерлери төмөнкүлөргө укуктуу:

1) мамлекеттик билим берүү стандарттарына ылайык билим берүү программаларын, окуу формаларын жана методдорун, окуу китептерин жана окуу куралдарын эркин тандоого;

2) инновациялык методдорду жана технологияларды түзүүгө жана пайдаланууга, илимий-педагогикалык эксперимент жүргүзүүгө, окуу процессине алдынкы педагогикалык тажрыйбаны киргизүүгө;

3) билим алуучуларды билим алуудагы жана башка жогорку жетишкендиктери үчүн сыйлоого;

4) жеке педагогикалык ишке, Кыргыз Республикасынын салык мыйзамдарында белгиленген тартипте репетитордук жана тренингдер түрүндө сабактарды өтүүгө;

5) үзгүлтүксүз кесиптик өнүгүүгө, методикалык колдоого жана насаатчылыкка.

47. Педагогикалык кызматкердин төмөнкүлөргө укугу жок:

1) колледжде диний жана атеисттик пропаганданы жүргүзүүгө;

2) Колледжде саясий топторду, партияларды уюштурууга;

3) шовинисттик, улутчул, милитаристтик, сепаратисттик идеологияны жайылтууга;

4) билим алуучуларды иш таштоо кыймылдарына жана саясий акцияларга тартууга;

5) билим алуучуларга зордук-зомбулук көрсөтүүгө жана ар кандай басмырлоого;

6) билим алуучуларга карата физикалык жана психикалык зордук-зомбулукка байланышкан тарбиялоонун антипедагогикалык методдорун, гумандуулукка каршы, ошондой эле билим алуучулардын өмүрүнө же ден соолугуна коркунучтуу окутуу методдорун пайдаланууга.

48. Колледждин кызматкерлери ТалМУнун уставын, колледждин жобосун, ички тартип эрежелерин, кесиптик этиканы бекем сактоого, аларга жүктөлгөн функционалдык милдеттерди сапаттуу аткарууга милдеттүү.

49. Колледждин педагогикалык кызматкери төмөнкүлөргө милдеттүү:

1) окутууну жогорку кесиптик деңгээлде жүргүзүүгө;

2) инклюзивдик билим берүү, окутууну дифференциациялоо жана жекелештирүү принциптерин сактоого;

3) ата-энени, коомдун башка мүчөлөрүн, Кыргыз Республикасынын маданий-тарыхый баалуулуктарын, мамлекеттик түзүлүштү урматтоо рухунда окуу-тарбия иштерин жүргүзүүгө, айлана-чөйрөгө аяр мамиле кылууга тарбиялоого;

4) жалпы адамзаттык баалуулуктарды: боорукердикти, эмгекчилдикти, гуманизмди, мекенчилдикти, адилеттүүлүктү урматтоону бекемдөөгө жана коррупцияга карата сабырсыздыкка тарбиялоого;

5) өзүнүн кесиптик билимин жана көндүмдөрүн туруктуу өркүндөтүүгө, өзүнүн квалификациясын жогорулатууга;

6) билим алуучулардын ар-намысын жана кадыр-баркын урматтоого, өз ишинде гендердик зордук-зомбулуктун жана басмырлоонун көрүнүштөрүнө жол бербөөгө, ошондой эле билим алуучулардын ортосундагы мындай көрүнүштөрдү алдын алууга;

7) билим алуучуларды элдердин ортосундагы өз ара түшүнүшүү, тынчтык, ынтымак рухунда аң-сезимдүү жашоого даярдоого;

8) билим алуучулардын жеке чыгармачылык жөндөмдөрүн жана критикалык ой жүгүртүүсүн өнүктүрүүгө көмөк көрсөтүүгө.

50. ТалМУнун жетекчилиги кызматкерлердин квалификациясын жогорулатуу үчүн зарыл болгон шарттарды түзөт. Кызматкерлердин квалификациясын жогорулатуу ТалМУнун бюджеттик жана бюджеттен тышкары каражаттарынын эсебинен жүргүзүлүшү мүмкүн. Педагогикалык кызматкерлердин квалификациясын жогорулатуу кесиптик жогорку билим берүү уюмдарында, кошумча билим берүү кызматтарын көрсөтүүчү билим берүү уюмдарында, илимий, илимий-методикалык жана башка мекемелерде жана уюмдарда диссертацияларды даярдоо жана жактоо же башка формаларда окутуу жана (же) стажировкадан өтүү аркылуу беш жылда бир жолудан кем эмес жүргүзүлөт.

51. Колледжди жетектөөчү жана педагогикалык кызматкерлери ар бир окуу жылында ТалМУ тарабынан берилген критерийлердин негизинде аттестатциядан өтүшөт.

52. Колледждин окутуучуларын, администрациянын кызматкерлеринин санын кыскартууга байланышкан демилгеси боюнча бошотууга окуу жылы аяктагандан кийин гана жол берилет.

## 7. ТалМУнун колледждерин каржылоо

53. ТалМУ колледждерге алардын жоболсунда каралган ишин камсыз кылуу максатында имараттар, курулмалар, жабдуулар, ошондой эле керектөөчүлүк, социалдык, маданий жана башка багыттагы башка зарыл болгон мүлктү (аудиторияларды, жабдууларды, куралдарды, инвентарларды) оперативдүү пайдаланууга өткөрүп берет.

54. Колледждин иши төмөнкү булактардан каржыланат:

- мамлекеттик бюджет;
- ТалМУнун атайын каражаттары;
- келишимдик негиздеги окуу төлөмдөрү;

- донордук каражаттар;
- мыйзамга каршы келбеген башка булактар.

55. Колледж билим берүү кызматтарын келишимдин негизинде көрсөтүүгө укуктуу.

56. Колледж өз алдынча юридикалык жак болуп эсептелбегендиктен, өз менчигинде мүлкү , акча каражаты жок.

57. Колледж финансы-чарбалык ишмердүүлүк менен алектенбейт.

## 8. ТалМУнун колледждеринин эл аралык жана тышкы экономикалык иши

58. Колледж ТалМУ аркылуу эл аралык долбоорлорго, академиялык алмашуу жана өнөктөштүк программаларына катышууга укуктуу.

## 9. Корутунду

59. Бул Жобо Талас мамлекеттик университетинин орто кесиптик билим берүү программаларын ишке ашыруучу колледждеринин билим берүү, уюштуруу, башкаруу жана финансылык ишмердүүлүгүнүн негизги укуктук документ болуп саналат жана бардык түзүмдөр үчүн милдеттүү.

60. Билим берүү процесси, анын ичинде жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестация, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына, мамлекеттик билим берүү стандарттарына, ТалМУнун ички ченемдик актыларына жана ушул Жобонун талаптарына ылайык жүргүзүлөт. Колледждердин ички жоболору жана окуу документтери ушул Жобого каршы келбөөгө тийиш.

61. Билим берүүнүн сапатын камсыз кылуу жана көзөмөлдөө университеттин тиешелүү органдары тарабынан ишке ашырылат. Студенттердин укуктарын коргоо, инклюзивдик жана коопсуз билим берүү шарттарын түзүү колледждин жана университет жетекчилигинин жоопкерчилиги болуп эсептелет.

62. Колледж кызматкерлери Жобонун талаптарын аткарууга жана билим берүү сапатын жогорулатууга милдеттүү. Финансылык ишмердүүлүк мыйзамдарга жана университеттин ички жоболоруна ылайык жүргүзүлөт.

63. Эл аралык кызматташтык жана академиялык мобилдүүлүк иштери ТалМУ стратегиясына ылайык ишке ашырылат.

64. Жободогу өзгөртүүлөр жана толуктоолор педагогикалык кеңеш тарабынан сунушталып окумуштуулар кенешинин чечими жана ректордун буйругу менен киргизилет.

65. Бул Жобо ТалМУнун окумуштуулар кенешинин чечими жана ректордун буйругу менен күчүнө кирет.

**МАКУЛДАШЫЛДЫ:**

ОИ иштер боюнча проректор,
ОУКтун төрагасы — А.К.Сурапов

Окуу бөлүмүнүн башчысы — Г.Ж.Турсалиева

Педагогикалык колледждин директору — А.А.Кумашова

ГЮКтун директору — А.Ж. Шакиева

АБжТКнын директору — Ж.Т.Ташматова

МТТжЭКтин директору — Л.А.Сатаева